| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>ПАНФИЛОВ РАЙОНУ<br>ОРТО-КАЙЫҢДЫ<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ОРТО- КАЙЫНДЫ** |

**III- сессия** **I – чакырылыш**

# ТОКТОМ № 14

06- февраль - 2025-ж. Вознесеновка а.

**Орто-Кайыңды айыл аймагында<br>“ Муниципалдык мүлктү ижарага берүүнүн<br>тартиби жөнүндө Жобону жана ижаралык<br>акыны эсептөө тартиби жөнүндө Нускаманы бекитүү ”.**

Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 15-мартындагы № 37 “ Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө “ мыйзамына ылайык, Орто-Кайыңды айыл өкмөтүнө караштуу муниципалдык менчиктеги мүлктү, анын ичинен ишканалардын имараттары , жабдуулары жана башка менчиктеги обьекттерди пайдаланууга жана ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө Жобону жана муниципалдык, анын ичинде административдык курулмаларды, иммараттарды пайдалануу үчүн ижаралык акыны эсептөө тартиби жөнүндө нускаманы угуп жана талкуулап чыгып Орто-Кайыңды айылдык кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Орто-Кайыңды айыл аймагында “ Муниципалдык мүлктү ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө Жобо № 1 тиркемеге ылайык бекитилсин.

2.Орто-Кайыңды айыл аймагында “ Муниципалдык, анын ичинде административдык курулмаларды, иммараттарды, мүлктү пайдалануу үчүн ижаралык акыны эсептөө тартиби жөнүндө” нускама № 2 тиркемеге ылайык бекитилсин.

3.Орто-Кайыңды айыл өкмөтүнө муниципалдык менчиктеги мүлктү ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө Жобонун жана мүлктү пайдалануу үчүн ижаралык акыны эсептөө тартиби жөнүндө Нускаманын негизинде иш алып баруусу тапшырылсын.

4.Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Чүй-Бишкек юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5.Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү айыл өкмөтүнүн башчысы Баязова Ж.Э. жана бюджет, каржы ,экономика, салык, муниципалдык менчик боюнча депутаттык туруктуу комиссиянын төрагасы Шаршенбиева В.А. жүктөлсүн.

Төрага К.Мырзагелдиев.